Бекитемин
Мектеп директорунун м.а.
Осмоналиева Т.А.____
«01» 09 2022-жыл

С.С.Усубалиев атнындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин
Директор алдындагы кеңешмесинин
ЖОБОСУ
*(Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020- 3-мартындагы №120 токтому Кыргыз Республикасында иш кагаздардын жүргүзүү Боюнча типтүү нускаманын негизнде,КРнын «Билим берүү жөнүндөгү» мыйзамына, 2003-жыл 30-апрель «92 Өкмөттүн жанаБилим берүү жана илим министрлигинин токтомдорунун чечими жана буйруктарына ылайк.)*

**Жалпы жобо**

1. С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин директор алдындагы кеңешме билим берүү процессинин башкаруудагы коллегиялык орган болуп саналат.

1.1 Директор алдындагы кеңешме мектеп Уставынын негизинде түзүлөт жана иш алып барышат. Бул жобо мектептин педагогикалык кеңеши тарабынан жүргүзүлөт.

1.2. Бул Жобо аныкталбаган мөөнөткө кабыл алынат жана өзүнүн ишмердүүлүгүн башкаруунун натыйжалуугун ачыктык принциптеринин негизинде ишке ашырышат.

**Жобонун негизинде**

2.Директор алдындагы кеңешменин максаттары жана милдеттери.

2.1 Билим берүү процессинде педагогикалык ишмердүүлүктүн жогорку натыйжалуугуна жетишүү.

2.2.Милдеттери:

-Педагогикалык иштин натыйжалуулугун жогорулатуу;
-Педагогдордун чыгармачылык потенциалдык өнүктүрүү үчүн жагымдуу шарттарды түзүү;
-Педагогдорго билим берүүдөгү өзгөрүүлөр жөнүндө өз убагында маалымдоо;

2.3. Кеңешме төмөнкү функцияларды ишке ашырат.

-окуу – тарбиялоо процессинин жыйынтыктарынын талдоо;
-билим берүү программасынын ишке ашыруунун натыйжаларын талдоо
-Педагогдордун кесиптик квалификациясын жогорулатуу

графигин аткаруу

-Педагогдордун аттестациялоонун натыйжаларын талдоо.

-окуучулардын ийгилигине талдоо жүргүзүү.

-мектептин локалдуу актыларын жана ченемдик укуктук документтериди аткаруу

3.Кеңештин куралы жана анын түзүүнүн тартиби.

3.1. Кеңешменин төрагасы болуп мектептин директору, төраганын орун басары болуп ОТИ боюнча,уюштуруу иштери боюнча директордун орун басарынын бири болот.

3.2.Кеңешменин ишине баардык педагогикалык жаамат катышышы керек

3.3.Билим берүү процессинин башка катышуучулары, алардын ата-энелери башка кызыкдар мекемелер жыйынтыгында каралуучу маселелерге жараша чакырылат.

3.4. Кеңешменин Төрагасы:

-Кеңешменин ишин жетектейт

-Кеңешменин мүчөлөрүнүн ортосунда милдеттери бөлүштүрөт.

-Кеңешменин тарабынан кабыл алынган чечимдерди бекитет жана алардын аткарылышын контролдойт.

4. Кеңешменин даярдоо жана өткөрүү тартиби.

4.1.Кеңешме айына бир жолу өткөрүлөт.

4.2. Кеңешмеде кароо үчүн пландалган маселелердин тизмеси талкууланат.

5. Кеңешмелердин протоколдорун тариздөө тартиби.

5.1.Каралган маселелер боюнча кеңешмеде кабыл алынган чечимдерге Ылайык кеңешменин катчысы кеңешме өткөрүлгөн учурда тартып бир жумалык мөөнөттө протоколдун долбоорун мектептин директоруна кол коюуга сунуштайт.

5.4.Директор алдындагы кеңешменин чечимдери архивде 5 жылга чейин архивде сакталат.

5.5.Директор алдындагы кеңешменин отурумдары чечим менен тастыкталып ага төрага жана катчы кол коет, ал мектеп боюнча буйрук чыгаруу үчүн негиз болуп эсептелет.

**Жыйынтыктоочу жоболор.**

7.1. Берилген жобо бекитилген күндөн тартып күчүнө кирет.

7.2.Берилген жобого өзгөртүүлүдө киргизүү мектептин педагогикалык кеңешинде берилген сунуштар боюнча директор тарабынан киргизилип бекитилет.

**С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин**

**педагогикалык кеңешмесинин протоколу**

**№1**

28.08.2022-ж. Катышкандар-14

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы.
2. Жаңы окуу жылына карата милдеттер. Мектептин 2022-2023-окуу жылына иш пландарын жана миссиясын бекитүү жөнүндө
3. Комплектование 2022-2023-окуу жылына карата бекитүү.
4. 2022-2023-окуу жылына окуу процессин уюштуруу.
5. Жаңы окуу жылына келген китептер жана окуучуларга китептерди берүү
6. Мектептин жоболорун бекитүү жана ченемдерди кабыл алуу.

**Угулду:** Осмоналиева Т.А. мектептин директорунун милдетин аткаруучу кеңешмени ачып, эмгек жамаатын каралуучу маселелер менен тааныштырып колго салды.

Макул -14 каршы-жок

1-маселе: Сокубашева К.О.-ОТИ б.д.о.б. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыктары жөнүндө айтып, окуп берди. Окуучулар күзгү сыноого калган жок. УБ жетекчилери иштерин жүргүзүп жатышты.

Чыгып сүйлөгөндөр:

Агаветова М.А.- Көп жакшы иштер болду. УБ иштедик, мугалимдер 2021-2022-окуу жылынын жы йынтыгы жакшы деп белгиленсин деген сунуш ой-пикирлерин айтышты. Жакшы деген баа беришти.

**Чечими:**

1. 2021-2022-окуу жылынын жыйынтыгы жакшы деп баалансын.

AnyScanner

Макул-14, каршы –жок

2-маселе: Жаңы окуу жылына карата милдеттер, 2022-2023-окуу жылына иш пландарды бекитүү.

Осмоналиева Т.А. –Жаңы окуу жылынын милдеттери жана мектептин 2022-2023-окуу жылынын иш пландары менен тааныштырып, окуп берди.

Базистик окуу планы

Быйылкы жылда базистик окуу планында 3 саат берилгендиги, сааты аз мугалимдерге, ошондой эле, сабакты берүүдө окуучулардын билимдерин терендетип окутуу максатында сунуштады, талкууга салды. Сокубашева К.О.-Сариева А.С, Суван к А, Майлыбаева Г. берсек кандай болот. Мугалимдер туура деп чечишти.

**Чечими:**

1. Мектептин 2022-2023-окуу жылынын иш планы алымча кошумчасы менен бекитилсин.

2. Жаңы окуу жылынын милдеттери жана миссиясы кабыл алынсын.

3. Мектеп компоненттерине берилген 3 саат орус тили жана адабият мугалими Сариева А.С.-1 саат, кыргыз тили жана адабият мугалими Суван к А-1 саат, география мугалими Майлыбаева Г-1 саат берилсин.

Макул-14, каршы –жок

3-маселе: Комплектование (себилдөө) 2022-2023-окуу жылына карата бекитүү. Сокубашева К.О. – Өзүңүздөргө белгилүү болгондой администрация менен биргеликте мугалимдердин макулдугу менен чечилген окуп берди.

Осмоналиева Т.А. – жаңы келген мугалимдер менен тааныштырды. Окуучуларды мектепке тартуу керектигин айтты. 480-11-класстарды комплектөө жөнүндө, окуучулардын саны такталды.

Тарификациянын курамын түзүү боюнча төмөнкүлөр сунушталды.

Осмоналиева Т.А.- тарификациянын комиссиянын төрайымына

Сокубашева К.О.-мүчөсүнө

Кокталова К.Р.- мүчөсүнө

Осмоналиева Д.Ж.-расчетн.бух-мүчөсүнө

Эмгек шарты боюнча иш ордун аныктап чыгуу курамына

Осмоналиева Т.А.- комиссиянын төрайымына

Сокубашева К.О., Рысбек к Г., Кокталова К.Р., Алымкулова П.К. – мүчөлөрүнө

Вакансияга химия 8 саат.

Мугалимдер бир добуштан колдоду. Химиядан адис келгенче Майлыбаева Г. берип туру сунушталды. УБ жет, насаатчыларды класстык кабинеттерди бекитүү көрсөтүлдү.

**Чечими:**

1. 2022-2023-окуу жылына мугалимдердин жана окуучулардын комплектөөсү алымча-кошумчасы менен бекитилсин.

2. 480 саат «Наристе» программасын окутуу Атагасиева Толкун Кубанычбековна дайындалсын.

3. 1-4-класстар-52, 5-9-класстар-46, 10-11-класстар-17.

Баары-115 окуучу 11 класс комплектелсин.

4. Тарификациянын курамынын курамына, эмгек шарты боюнча иш ордун иштеп чыгуу курамына жогорудагы көрсөтүлгөндөр бекитилсин.

5.Кошумча акы төлөө боюнча жогорудагы аты аталган мугалимдер, кызматчыларга 25% өлчөмдө кошумча акы төлөнүп берилсин.

6. УБ жетекчилери, кабинет башчылары насаатчылар ж.б. бекитилсин.

7. Вакансиядагы 8 саат Химия сабактары адис келгиче убактылуу Майлыбаева Г.Б. берилсин.

Макул-14, каршы –жок

4-маселе: 2022-2023-окуу жылына окуу процессин уюштуруу

Осмоналиева Т.А.-быйылкы окуу жылы 1-сентябрда башталат. Саат 9:00дө салтанаттуу линейка болот. Билим күнүнө карата класстык сааттар өтүлөт.

AnyScanner

Ар бир класста класс жетекчилер, администрация уюштуруу иштерин жүргүзүшсүн. Алгоритм сакталсын.

Мугалимдер күнүмдүк план жазып, завучка кол койдуруп, сабакка күнүгө даярдык менен келишсин. Олимпиадага, ОРТга даярдык көрүү иштери аткарылып, окуучуларды даярдоо иштери жүргүзүлсүн. Бардык эмгек жамааты өз милдеттерин, талаптарын так аткарышсын!

**Чечими:**

1. 2022-жылдын 1-сентябрында саат 9:00дө салтанаттуу линейка жана 1-сабак өткөрүлсүн.

2. Мектептин жетекчилери жана мугалимдери окуу жылынын башталышына карата уюштуруу маселелери боюнча иш алып барышсын.

3.Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу олимпиада, ОРТга даярдоо иштери жүргүзүлсүн жана мугалимдердин милдеттери так аткарылсын.

4.Санитардык жана тарбиялоонун жагымдуу шарттарын түзүү максатында КР өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги 201 токтому менен бекитилген санитардык эрежелери жана ченемдери сакталсын.

Макул-14, каршы –жок

5-маселе: Жаңы окуу жылына келген китептерди берүү.

Эсенбекова А.Э.-Окуучуларга китептер берилип жатат, график түзүлгөн. Жетпеген китептерге заявкага берилген. Китепканадагы китептер менен окуучулар камсыз болушту. Арендага берилген китептер боюнча класс жетекчилер иш жүргүзүңүздөр, ата-энелер комитетери акчасын чогултуп, банка төгүшсүн.

**Чечими:**

1.Окуучуларга жетпеген китептер боюнча заявка берилсин.

2. Арендага берилген китептер боюнча ата-энелер менен иш жүргүзүлсүн.

3. Окуучуларды китеп окууга кызыктыруу, мугалимдер, класс жетекчи жана ата-энелер менен тыгыз байланышта иш жүргүзүү Эсенбекова А.Э.милдеттендирилсин.

Макул-14, каршы –жок

AnyScanner

6-маселе Мектептин  администрация мектеп жамаатын жоболор менен тааныштырып, талкууга салды. Жоболор талкууланып, бир добуш менен кабыл алынды.

**Чечими:**

1. Мектептин жоболору жана ченемдери бекитилсин жана жоболордун, ченемдердин негизинде иштер аткарылсын.

Чогулуш башчысы: Осмоналиева Т.А.

Катчысы: Рысбек к Г.

С.С.Усубалиев атындагы жалпы орто билим берүүчү мектебинин

педагогикалык кеңешмесинин протоколу

№2

27.10.2022 Ак-Башат айылы

Катышкандар: 16

1 себептүү

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Жарым жылдыкка текшерүү иштерин алууга даярдык жана уюштуруу

2. 1 чейрек боюнча окуу-тарбия иштеринин жыйынтыктары

3. Окуучулардын ийримдерге катышышы

4.Документацияларды текшерүүнүн жыйынтыктары

5.Энелер мектебинин аткарылышы жөнүндө

6.Аккредитация боюнча маалымат берүү өзүн-өзү баалоо боюнча отчетторду көзөмөлдөө комиссиясын түзүү

7. Керемет окуу

**Угулду:** Осмоналиева Т.А. – мектеп директорунун м.а. директор алдындагы кеңешмени ачып, каралуучу маселелерди окуп, тааныштырып колго салды.

1-маселе: Жарым жылдыкка текшерүү иштерин алууга даярдык жана уюштуруу. Сокубашева К.О.-текшерүү иштердин материалдарын администрация даярдайбыз. 1-чи жарым жылдыкка текшерүү иш, жат жазуу жана дилбаян алынат.

**Чечими:**

1. Жарым жылдыкка карата карата текшерүү иштерин алууга даярдык жүргүзүлсүн.

2.Окуучуларды даярдоо жана уюштуруу предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

3. Текшерүү иш, жат жазуу жана диктант иштерин алуулар 20-декабрга чейин жыйынтыкталсын.

Макул-16 Каршы-жок

2-маселе: 1-чейрек боюнча окуу тарбия иштеринин жыйынтыктары. Сокубашева К.О.—жылдын башында окуучулардын саны 480с санабаганда 115/52 болчу. 1-чейректе кеткендер-4, келгендер-8 чейректиин аягында 119+16 (0 кл)-135 окуучу , аттестациялапбагандар-29(1-2-кл). Билим сапаты-46%, отличниктер-18, 5-11-класстардан 7, 10-класстар менен иштөө керек. Ошондой эле, олимпиада башталат. Окуучуларды олимпиадага даярдаңыздар.

НЦТнын жыйынтыгы математика-100%, тарых-33%, англис тили 33%, кыргыз тили 0%, география 0%.

Осмоналиева Т.А.-урматтуу мугалимдер окуучуларды олимпиадага даярдоону каникул жайкы убактарда даярдайлы дегенбиз. НЦТ, ОРТларга жакшы даярдайлы, балдар менен иш жүргүзүңүздөр. Төмөнкү класстар бош, кээ бир окуучулар даярдыгы жок эле барып, начар жыйынтык алып келип жатышат. Окуучулардын билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иш жүргүзүлсүн. Астаркулов Д.А. – мугалимдердин ишин жылдын аягында бааланат. Окуучулар менен иштөө керек, балдардын саны аз.

**Чечими:**

1.1 чейректин жыйынтыгы жакшы деп белгиленсин.

2. Окуучулардын билим сапатын көтөрүүнүн үстүндө иштөө ар бир предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

3.7-10-класстын окуучуларынын жетише албай жаткан предметтердин мугалимдери өзгөчө көңүл буру менен иш жүргүзүлсүн.

4. Мугалимдер өздөрүнүн милдеттерин жана эмгек тартибин туура сакташсын.

Макул-16 Каршы-жок

3-маселе: Окуучулардын ийримдерге катышышы

Эсенбекова А.Э. Талантбек к Т.-ийримдин жетекчилери менен «Датка бийи», «Жоогазын»

Ийримдери боюнча маалымат беришти.

**Чечими:**

1. Ийримге катышкан окуучуларды ата-энелер формасын камсыз кылышсын.

2.Ийримдерге катышкан окуучуларды мектепте болгон иш-чараларга катышууга көмөк көрсөтүлсүн.

Макул-16 Каршы-жок

4-маселе: Документацияларды текшерүүнүн жыйынтыктары

Сокубашева К.О.1-чейректин отчетун алып жатканда журналдар, окуучулардын өздүк делолору, кыймылы, ж.б, текшерилди. Кемчиликтер, эскертүүлөрдү аткрышты. 1-чи чейректин баалары окуучулардын өздүк делолоруна коюлду.

**Чечими:**

1. Документацияларды текшерүүнүн жыйынтыктары жакшы деп белгиленсин.

2.Отчетторду өз убагында берүү ар бир класс жетекчиге, предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

Макул-16 Каршы-жок

5-маселе: Ата-энелер мектебинин аткарылышы жөнүндө

Рысбек к Г- Ата-энелер мектеби боюнча мектеп ичинде бир жылдык план түзүлүп бекитилди. Өтүлө турган сабактын план графигин тааныштырды.

Класс жетекчилер иш жүргүзөбүз деген жыйынтык сөздөрүн айтышты.

**Чечими:**

1. Ата-энелер мектеби боюнча сабактар жогорудагы бекитилген тартипте көргөзмөлүү, сапаттуу өткөрүлсүн.

2. Сабакты өтпөгөн мугалимдерге чара көрүлсүн.

3. Сабактын иштелмелери сабак өтүлгөн күнү тапшырылсын.

Макул-16 Каршы – жок

6-маселе: Аккредитация боюнча маалымат берүү. Өзүн өзү баалоо боюнча отчетторду көзөмөлдөө комиссиясын түзүү.

AnyScanner

Осмоналиева Т.А.-2022-2023-окуу жылынын декабрь айында өтүлө турган аккредитация жөнүндө түшүндүрдү жана төмөнкүлөргө токтолду.

Аккредитация Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган талаптардан жана критерийлерден жаман эмес белгиленген, талаптарга жана критерийлерге билим берүү уюмунун же билим берүү программаларынын (натыйжалуулугун) ылайыктуулугун таануу максатында билим берүү уюмунун сапатынын деңгээлин бүтүндөй же айрымбир билим берүү программанын баалоонун жол жобосу.

Аккредитациянын негизги максаттары:

Билим берүүнүн сапатын камсыздоо, мамлекеттик билим берүү стандарттарынын предметтик билим берүү стандарттарынын талаптарын аткаруу, өзүн өзү үзгүлтүксүз баалоо жана өркүндөтүү жолу менен билим берүү программаларын өнүктүрүү. Билим берүүнүн статусун ырастоо.

Өзүн өзү баалоо боюнча отчетторду көзөмөлдөө комиссиясынын төрайымына Осмоналиева Т.А., мүчөлөрүнө Сокубашева К.О., Рысбек к Г., Атагасиева Т.К., Астаркулов Дж,А., Эсенбек к А, Сагынбек к Э. көрсөтүлдү.

**Чечими:**

1. Аккредитациядан өтүүгө карата КР өкмөтү тарабынан аныкталган жол жобосуна ылайык иш жүргүзүлсүн.

2.Өзүн-өзү баалоо боюнча отчетторду көзөмөлдөө комиссиянын курамы педагогикалык кеңешмедеги жамааттын чечими менен төмөнкүлөр шайлансын.

1.Османалиева Т.А.-екомиссиянын төрайымы мектеп директордун м.а.

2.Сокубашева К.О.-мүчөсү ОТИ б.д.о.б.

3.Рысбек к Г-мүчөсү-уюштуруучу

4.Атагасиева Т.К.-мүчөсү-Соц.педагог

5.Астаркулов Дж.-мүчөсү-ПК төрагасы

6.Эсенбекова А.Э.-мүчөсү, китепканачы

7.Сагынбек к Э-мүчөсү, мугалим

Макул-16 каршы-жок

AnyScanner

7-маселе: «Окуу керемет»

Кокталова К.Р.-окуу керемет боюнча 5-модулду бүттүк. «Окуу керемттин» көрсөтмөө, окуулары менен сабак өтүп жатабыз. Окулук ошол боюнча иштеп жатабыз.

Чечими:

1. «Окуу керемети» боюнча иш алып баруу ата-энелер менен бирликте иш-чаралар өтүлсүн.

Макул-16 каршы-жок

Чогулуш башчысы: Осмоналиева Т.А.

Катчысы: Рысбек к Г.

**Директор алдындагы кеңешменин**

**протоколу №3**

28.10.2022-ж

Ак-Башат айылы

Катышкандар -13

Китеав А.

Кадырова Э.Ч.

Себепсиз: Усубалиева А.М.

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. Мектептин документацияларынын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө (класстык журналдарын текшерип чыгуу)
2. Жылытуу сезонуна карата мектептин даярдыгы
3. Предметтик олимпиадаларды өткөрүүгө даярдык көрүү
4. Тил илимдерУБ бир айлыгынын жыйынтыгындагы, декаданын жыйынтыгы кароо.
5. Сабакка начар катышкан окуучулар менен иштөө

   6.1 Мыйзамсыз акча чогултууга тыюу салуу жөнүндө

   6.2 Жеке мүнөздөгү маалыматтарды ачыкка жайылтпоо

   6.3 Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндү ж.б.

**Угулду:** Осмоналиева Т.А.-мектеп директорунун м.а. кеңешмеде каралуучу маселелелерди окуп тааныштырды

Макул-13, каршы –жок

1-маселе: Мектептин документацияларынын жүргүзүлүшүн көзөмөлдөө (класстык журналдарды текшерип чыгуу)

Сокубашева К.О.- 1-11-класстардын журналдарын текшерип чыктым. Ката көп убагында толтуруш керек. Каникул ичи бүтүрүнүздөр, бүтпөсө пед.советте чара колдонулат.

Чечими:

1.Класстык журналдарды таза, туура убагында толтуруу, баа коюунун кормасын сактоо ар бир мугалимге милдеттендирилсин.

2.Журналдардыубагында толтурбаган мугалимдерге эскертүү берилсин жана каникул күндөрүндө бүткөрүлсүн, мөөнөтүндө бүтүрүшпөсө пед советте чара колдонулсун.

3. Бул чечимдин аткарылышын ОТИ о.д.о.б. Сокубашева К.О. милдеттендирилсин.

2-маселе: Жылытуу сезонуна карата мектептин даярдыгы

Мамбеталиева Н.Б.-26-сентябрдан баштап жылытуу сезону башталды. Бирок көмүр түшө элек. Н.Бакиров мектебинен 2 тонна көмүр ылынып келинди, ошол көмүр менен жылытып жатат. Айыл өкмөтү көмүр түшөт деп жатышат.

Осмоналиева Т.А.- Бүгүн айыл өкмөттө ушул жылытуу сезону боюнча кеңешме болду. 01.11.2022-жылга чейин көмүр келет деди. Көмүр келет.

AnyScanner

Чечими:

1. Мектептин жылытуу менен камсыз кылуу, көмүрдү туура сарамжал, коромжу кылбай пайдалануу, от жаккычтарды этият энергияларын үнөмдөп колдонууга көзөмөл жүргүзүү директордун чарба иштери боюнча орун басары Мамбеталиева Н.Б. милдеттендирилсин.
2. От жаккычтардын иштөө графиги түзүлүп бекитилсин.

Макул-13, каршы –жок

3-маселе: Предметтик олимпиадаларды өткөрүүгө даярдык көрүү Сокубашева К.О. – Баарыңарга белгилүү жылына предметтик олимпиада мектепте, район аралык өткөрүлөт.

Осмоналиева Т.А.-окуучуларды олимпиадага даярдоого толук шарт бар десек болот. 1 сменде окуп жатабыз. 1 ден кийин класстар бош, убактыңыздар бар, иштеш кана керек. Азыр талап ошондой, сабак бүттү эле үйүңүздөрдү көздөй жөнөйсүздөр.. балдардын келечегин ойлошубуз керек. Окуучуларды олимпиадага даярдаңыздар.

Олимпиадалык, план, графиктери түзүлсүн, окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан күнүгө көзөмөл жүргүзүлсүн.

Чечими:

1. Мектеп ичинде олимпиада өткөрүү үчүн план, графиктер түзүлсүн.
2. Окуучуларды олимпиадага даярдоо ар бир предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.
3. Бул чечимди аткаруу ОТИ б.д.о.б. Сокубашева К.О. милдеттендирилсин.

Макул-13, каршы –жок

4-маселе: Тил УБ бир айлыгынын жыйынтыгы, декаданын жыйынтыгын кароо Агаветова М.А. – УБ жетекчиси

2022-2023-окуу жылындагы 23-сентябрь тил күнүнө карата жана кыргыз тил декадаларына карата өтүлгөн иш-чаралар жөнүндө билдирди. Ал справкаларында эки иш чара аралаш жазылган. 29.09.2022-жылы УБ жетекчиси жыйынтык чыгарганын билдирди.

«Тилибизди биргеликте өнүктүрөбүз» бурч эң жакшы деп бааланды.

Сокубашева К.О.-Декада менен мамлекеттик тил күнү аралып калыптыр. Пед советке кайра даярдап келсин. Мамлекеттик тил күнүн жакшы деп баалайлы. Суван к А көп иштерди жасады.

Чечими:

1. Мамлекеттик тил күнүнүн бир айлыгынын аткарылышы жакшы деп баалансын.
2. Декада кыргыз тил боюнча пед советте кайра каралсын, Агаветова М.А.нын аткарган иштер боюнча .
3. Бул чечимди аткаруу ОТИ б.д.о.б. Сокубашева К.О. милдеттендирилсин.

Макул-13, каршы –жок

5-маселе: Сабакка начар катышкан окуучулар менен иштөө.

AnyScanner

Атагасиева Т.К.-соц. педагог мага эч бир класс жетекчиден сабакка начар катышкан окуучулар тууралуу билдирүү болгон жок. Окуучулардын сабакка катышуулары жакшы эле. Оорup калгандар справка алып келишет.

Чечими:

1. Сабакка начар катышуунун алдын алуу иштери жүргүзүлсүн.
2. Камкорчунун көзөмөлүндөгү (мигранттардын балдары) окуучулар жана камкорчулар (ата-эненин ордундагы) менен иш жүргүзүү күчөтүлсүн.
3. Бул чечимди аткаруу соц.педагог Атагасева Т.К, класс жетекчилерге милдендирилсин.

Макул-13, каршы –жок

6-маселе: Мектепте мыйзамсыз акча чогултууларга тыюу салуу жөнүндө МРБББ 13.10.2022-ж №134 буйругун, жеке мүнөздөгү маалыматты ачыкка жайылтпоо жөнүндө МРБББ 25.10.2022-ж. №145 буйругун, экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү жөнүндөгү 17.10.2022-ж №137 буйруктары менен тааныштырды.

Чечими:

1. Мектепте мыйзамсыз акча чогултууга тыюу салынсын.
2. Ата-энелер комитеттеринин арасында мыйзамсыз акча чогултуулар боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлсүн.
3. Камкорчулар кеңештеринин жана ата-энелер комитеттеринин каршы маселелерине педагогикалык жамааттын жана административдик кызматкерлердин катышуусуна тыюу салынсын.
4. Коомдук фонддорго ж.б. коммерциялык эмес уюмдарга окуучулардын ата-энелеринен (мыйзамдуу өкүлдөрүнөн) мыйзамсыз акча каражаттарын педагогдордун талап кылуусуна тыюу салынсын.
5. Бул чечимдин аткарылышын соц.педагог Атагасиева Т.К., Рысбек к Г. милдеттендирилсин.

6.2Жеке мүнөздөгү маалыматты ачыкка жайылтпоо жөнүндө.

1. Жеке мүнөздөгү маалымат жаатындагы КР мыйзамдарынын талаптарын бузуу менен жеке маалыматтарды чогултууга, иштеп чыгууга жана сактоого жол бербесин. Жеке маалыматтардын субьекттеринин макулдугусуз жеке маалыматтарды жарыялоо жана жайылтуу укук бузуу болуп саналат, ага карата КР укук бузуулар жөнүндөгү кодексинин 228-1-беренесинде каралган жаза колдонулат.
2. Мектептеги эмгек жамааттарынын арасында иш жүргүзүлсүн.
3. бул чечимди аткаруу соц.педагог Атагасиева Т.К., Рысбек к Г. милдеттендирилсин.

6.3. Экстремизмге жана терроризмге каршы жөнүндө

1.2017-2022-жылдарга экстремизге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программаны ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы №1 тиркемеге ылайык түзүлүп бекитилсин.

2.Квартал сайын отчеттек мезгилдин кийинки айдын 5-күнүнө чейин пландын аткарылдышынын жүрүшү жөнүндө МРБББ маалымат берилип турулсун.

AnyScanner

3. Бул чечимди аткаруу соц педагог Атагасиева Т.К., Джумабек у Каниетке милдеттендирилсин.

Макул-13, Каршы-жок

Чогулуш башчысы: Осмоналиева Т.А.

Катчысы: Рысбек к Г.

**Директор алдындагы кеңешменин протоколу**

**№1**

03.09.2022-ж Ак-Башат айылы

Катышкандар- 14

Күн тартибинде каралуучу маселе:

1. Жаңы окуу жылына карата мектеп ашканасынын жана китепкананын даярдыктары, окуу фондунун сакталышы жана окуучулардын китеп менен камсыздалышын аныктоо.
2. Жаш мугалимдерге насаат чыларды бекитүү
3. Баштапгыч класстардын тамактануусу жөнүндө
4. Көңүл бургула балдар!
5. Мектеп бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат алуу.

Угулду: Осмоналиева Т.А.-директордун м.а. кеңешмеде каралуучу маселелерди окуп тааныштырды.

Макул-14 каршы-жок

1-маселе: Жаңы окуу жылына карата мектеп ашканасынын жана китепкананын даярдыктары, окуу фондунун сакталышы жана окуучуларды китеп менен камсыздалышын аныктоо.

Джунушалиева Ж.А.- ашпозчу 1-4-класстарга тамак ичүү боюнча жаңы окуу жылына даяр. Ашкана оңдоп түздөө ремонтунан өттү. Балдарды кружкалары бар. 1-сентябрга даяр, стол, стул эле жетишпейт.

Жаңы мектепке барганда ысык тамак болот деп повардын окуусун Мерсико аркылуу Мира эже экөөбүз окуп жатабыз. Сиз жиберген боюнча отчет-учеттор убагында берилип турулду.

Эсенбекова А.Э.-китепканачы

2022-2023-окуу жылына китепкана толугу менен даяр. Окуучулар жылдыгы аягында толугу менен китептерди өткөрүшкөн. Биология 9-10-11-класстарга жетишпейт, сурап заявка берип жатам. Арендага берилген китептер менен иш жүргүзүлөт.

Мугалимдер сунуштарын айтып талкуулашты.

Чечими:

1. Ашкананын жана китепканачынын жаңы окуу жылына даярдыгы жакшы деп бааланасын.
2. Жетишпеген китептерге билдирүү жөнөтүлсүн.
3. Компьютерди комплеги менен сактоо жана этият колдонуу жоопкерчилиги Эсенбеков А.Э. милдеттендирилсин.
4. Китепкананын иши электрондук системада жүргүзүлсүн.
5. 1-4-класстардын окуучуларына тамак берүү талаптары так аткарылсын.

Макул-14, каршы-жок

2. Жаш мугалимдерге насаатчыларды бекитүү

Сокубашева К.О.-жаш мугалимдерге насаатчылардын тизмесин сунуштады. Мугалимдер туура деп колдошту, макул болушту.

Чечими:

1.Төмөнкү жаш мугалимдерге, насаатчыларбекитилсин.

| Жаш мугалимдер | Насаатчылар |
| --- | --- |
| Суван к А. | Агаветова М.А. |
| Арабаева К.М. | Атагасиева Т.К. |
| Мусаева Т.Ө. | Кокталова К.Р. |
| Талантбек к Т. | Усубалиева А.М. |
| Китаев А.Э. | Сокубашева К.О. |
| Джумабек у.К | |

2. Ар бир насаатчы план түзүп, бекиттирип, жаш мугалимдерге насаатчылык кызматтарын аткарышсын. Мөөнөтү 10.09.2022-ж.

Макул-14, каршы –жок

Башталгыч класстардын тамактануусу жөнүндө Джунушалиева Ж.А. –баары 1-4класстарда 52 окуучу. Тизмелерин тактап, журналдарын уюштуруп жатам. Тамактарга коюлган талаптарды аткарам.

Осмоналиева Т.А. – жаңы мектепке кирсек кудай буюрса ысык тамак кирет. Июнь айынан бери эле иш жүргүзүп келе жатабыз. Бизге 2 штат повар, кух работник окуп келишти. Складка стеллаж, эшиктин, терезенин торлорун жасоо керек. Демөөрчү издөө керек өндүрүштүк контролдоо брокераж. ж.б. Көзөмөлдөө администрацияга жүктөлдү, кл жет мил.

Чечими:

1.1-4-класстардын тамактануусун уюштуруу жана тамактанууну (чай ичүү) уюштуруучу боюнча жооптуу Рысбек к Г. дайындалсын. (ысык тамакка дагы).

2.Мектепке окуучулардын тамактануусун (чай ичүү, ысык тамак) уюштурууга өндүрүштүк контролдоо боюнча атайын комисия курамы түзүлсүн.

1.Сокубашева К.О.-атайын комиссиянын төрайымы

2.Рысбек к Г-мүчөсү

3.Кадырова Э.Ч.-мүчөсү

4.Мусабаева Г.Ш.-мүчөсү ФАП

5.Алымкулова П.К.-мүчөсү ата-энелер комитет

3. 2022-2023-окуу жылына карата мектепте брокераждык комиссия курамы түзүлсүн.

1.Рысбек к Г-брокераждык комиссиянын төрайымы.

2.Кокталова К.Р.-мүчөсү

3.Атагасиева Т.К.-мүчөсү

AnyScanner

3. 2022-2023-окуу жылына окуучулардын 1-4-класстардын тамактануу графиги төмөнкүдөй бекитилсин.

| Класстар | Чай ичүү убактысы | Жоопттуулар |
|---|---|---|
| | | Джунушалиева Ж.А. |
| 1-класс | 10:25 | Кокталова К.Р. |
| 2-класс | 13:45 | Сулайманова Э.А. |
| 3-класс | 14:35 | Арабаева К.М. |
| 4-класс | 15:20 | Кадырова Э.Ч. |

4.Тамактануунун (чай ичүү) болжолдуу менюсу жана алардын рецептурасы тууралуу маалымат камтыган чечмеленген менюну бекитүү РБББ нөн суралсын.

5.Бул чечимдерди аткаруу мектеп администрациясына, комиссия курамынын төрайымына, мүчөлөрүнө, класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

Макул-14, каршы –жок

4-маселе: Көңүл бургула балдар!

Рысбек к Г. Жылда өтүлүп жүргөндөй эле Жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча бир айлык болот. Ар бир класста 480-11-класска чейин класстык сааттар, класстан тышкаркы иштер өтүлсүн. Район аралык конкурс өтүлөт, активдүү катышалы.

Осмоналиева Т.А.-480с 1-4-класстардын ата-энелери окуучуларды алып кетип турушсун. Ата-энелер менен келишим түзүлсүн. Класс жетекчи Кокталова К.Р.-жылда эле өтүп жүргөнбүз, өтөбүз. Жолдо жүрүү эрежелерин тарбия саатта күнүгө айтып туруубуз керек.

Чечими:

1. Жолдо жүрүү эрежелери боюнча бир айлык өткөрүлсүн.
2. Район аралык өтө турган “Жаш инспектор” кароо-сынагына даярдык көрүлсүн жана катышсын.
3. Жол эрежелери боюнча кластык сааттар “Көңүл бургула балдар!” класстан тышкаркы иштер өтүлсүн.
   1-4-класстар, 480 с клас жетекчи ата-энелер менен келишим түзүлсүн.
4. Бул чечимди аткаруу уюштуруучу Рысбек к Г. милдеттендирилсин.

Макул-14, каршы –жок

5-маселе: Мектеп бүтүрүүчүлөрү жөнүндө маалымат алуу

Сокубашева К.О. -2021-2022-окуу жылында 9-класcты 10 окуучу аяктап бүтүрдү. 2-окуучу Бишкекке тапшырды училищага

Чечими:

1. 2021-2022-окуу жылында 9-класстын чейрек окуучулар мектептин учетунан чыгарылсын.
2. 2022-2023-окуу жылына кирген окуучулар мектептин учетуна киргизилсин.

Макул-14, каршы –жок

Чогулуш башчысы: Осмоналиева Т.А.
Катчысы: Рысбек к Г.

**Директор алдындагы кеңешменин**

**Протоколу№2**

24.09.2022-ж

Ак-Башат айылы

Катышкандар-15

Күн тартибинде каралуучу маселелер:

1. 480 саат «Наристе» программасына тартылган балдарды даярдоо жөнүндө
2. 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусу боюнча

3.Мектептин предметтик декадаларын өткөрүү жөнүндө

4.5-6-класстар КР Билим берүү стандартынын аткарылышы тууралуу

5. 5-6-9-класстардын китептерин ижарага берүү жөнүндө
6. Жаңы мектепке кирүүгө даярдык көрүү жөнүндө

С.С.Усубалиевдин туулган күнү 30.09

**Угулду:** Осмоналиева Т.А. –директордун м.а. кеңешмеде каралуучу маселелерди окуп, тааныштырды.

Макул-15 Каршы-жок

1-маселе: 480 саат «Наристе» программасына тартылган балдарды даярдоо жөнүндө

Атагасиева Т.К.-Быйылкы окуу жылында «Наристе» группасын мен окутуп жатам. Бары 17 бала болду. Документтерин тактап, топтоп жатам. Ата-энелер алып келсек, алып кетип жатышат. Көнүп калышты.

**Чечими:**

1.480 саат «Наристе» программасынын ишке ашыруу боюнча уюштуруу иштери жүргүзүлсүн.

2. «Наристе» (480) программасынын жылдык окуу планы аткарылсын.

Макул-15 Каршы-жок

2-маселе: 1-4-класстардын окуучуларынын тамактануусу боюнча

Джунушалиева Ж.А.-1-4-класстардын окуучулары бары 52. График менен чай ичишет. Колдорун жууп келишет, класс жетекчилери кошо келип карашат. Журналдар бекитилген, кол коюп турушат. Санитардык-гигиеналык талаптар аткарылат.

Сулайманова Э.А.-балдар чай ичкенде кошо барып, класс жетекчилер көзөмөлдөп турабыз. График менен ичишет.

AnyScanner

**Чечими:**

1.2022-2023-окуу жылына ашкананын, буфеттин даярдыгы жакшы деп белгиленсин.

2.Окуучулардын 1-4-класстардын санитардык-гигиеналык талаптарды так аткарууга үйрөтүү, күнүгө көзөмөлдөп кароо, ата-энелер менен иш жүргүзүү класс жетекчилерге милдеттендирилсин.

3.Окуучуларды тамактандырууда, тейлөөдө коюлган талаптарды милдеттерди, тазалыкты, гигиеналык эрежелерди сактоо, документация менен иштөө, отчетторду убагында кечиктирбей берип туру кух.работник Джунушалиева Ж.А. милдеттендирилсин.

Макул-15 Каршы-жок

3-маселе: Мектептин декадаларын өткөрүү жөнүндө.

Сокубашева К.О.-Мектепте 2022-2023-окуу жылында өтүлө тургандекадалар жөнүндө айтып өттү.

**Чечими:**

1.2022-2023-окуу жылында мектепте предметтик декадалар өз убагында өткөрүлсүн.

2.Предметтик декадаларды өткөрүү УБ жетекчилерине жана предметтик мугалимдерге милдеттендирилсин.

Макул-15 Каршы-жок

4-маселе: 5-6-класстар КР мамлекеттик билим берүү стандартынын аткарылышы тууралуу.

Сокубашева К.О.—Мамлекеттик стандарт боюнча көпчүлүк мугалимдер квалификациясын жогорулатуу курстардан, тренингдерден өтүшкөн. Башталгыч класстын мугалимдери окуу кереметтен окуп жатышат. Мен ойлойм-мамлекеттик стандарт менен иш жүргүзүшөт деп. УБ жетекчилери да иштеш керек айтышсын.

Агаветова М.А.-иштеп жатабыз.

Кокталова К.Р.-окуу кереметтен окугандарыбызды сабакта пайдаланып жатабыз.

**Чечими:**

1.Окуучуларды алган билимдерин практикада жана жашоодо колдоно алууга жөндөмдүү инсанды калыптандырууга тарбиялоонун үстүндө иш жүргүзүү күчөтүлсүн.

2. Бул чечимдин аткарылышын ОТИ б.д.о.б. Сокубашева К.О., ар бир предметингин мугалимдердерге , класс жетекчилерге, ийримдин жетекчилерине милдеттендирилсин.

Макул-15 Каршы-жок

5-маселе боюнча 5-6-7-8-9-класстардын китептерин ижарага берүү жөнүндө

Эсенбекова А.Э.2022-2023-окуу жылына ижараг 5-6-7-8-9-класстарга китептер берилгени тууралуу, ата-энелер ижаранын акчасын чогултуп жатканы тууралуу билдирүү жасады.

Чечими:

1.2022-2023-окуу жылында 5-6-7-8-9-класстардын окуучуларына ижарага берилген китептердин акчасы 15.11.2022-жылга чейин банка төгүлүп бүткөрүлсүн.

2.Бул чечимди аткаруу китепчачы Эсенбекова А.Э., класс жетекчилерге , ата-эне комитеттерине милдеттендирилсин.

Макул-15 Каршы-жок

6. Жаңы мектепке кирүүгө даярдык көрүү жөнүндө

С.С.Усубалиевдин туулган күнү 30.09.

Осмоналиева Т.А. –Жаңы мектепке кирүү жана С.С.Усубалеив агайдын туулган күнүнө 3-.09.2022-жылы белгиленип жатат.

Бардык эмгек жамаатынын аткара турган иштери, уюштуруу ж.б. дагы бир жолу тааныштырып, милдеттендирилди.

Чечими:

1. Жаңы мектептин салтанаттуу ачылыш аземине сценарий жазып, чакыруу билеттерди чыгартуу мектеп жетекчисине Осмоналиева Т.А. милдеттендирилсин.

2. Сабактардын ырааттамасын жаңы өзгөртүп түзүү, сабактардын өтүлүшүн ОТИ б.д.о.б.Сокубашева К.О. милдеттендирилсин.

3. Уюштуруу иштери, концерттик программа, жасалгалоо Рысбек к Г. Мусаева Т.Ө., Эсенбекова А.Э., Талантбек к Табихат, Джумабек у К. жана жалпы жамматка милдеттендирилсин.

Макул-15 Каршы-жок

Чогулуш башчысы: Осмоналиева Т.А.

Катчысы: Рысбек к Г.